“БЕКИТЕМИН”
Кандидаттык диссертацияны коргоо
боюнча К.08.15.510 Дисссертациялык
кеңешменин төрагасы, э.и.д.,
профессор К.Ш.Токтомаматов
_______ 2016-жыл.

**08.00.05 –“Экономика жана эл чарбасын башкаруу” адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасынын изденип алууга сунушталган Токоева Ажар Батырбековнанын «Рынок шарттарында агрардык ишканаларды башкаруунун натыйжалуулугун өркүндөтүүнүн жолдору (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында)» аттуу диссертациясын коргоо боюнча Ош мамлекеттик университетинин жана Экономика жана ишкердүүлүк университетинин Ведомстволор аралык К.08.15.510 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын**

# КОРУТУНДУСУ

Төмөнкү курамдагы комиссия: төрага, э.и.д., профессор, Ж.Т.Тургунбаев, комиссиянын мүчөлөрү: э.и.д., доцент, А.А.Мамасыдыков, э.и.к., доцент У.Ж.Эргешбаев изденүүчү Токоева Ажар Батырбековнанын «Рынок шарттарында агрардык ишканаларды башкаруунун натыйжалуулугун өркүндөтүүнүн жолдору (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында)» деген темадагы экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши менен таанышып, илимий жетекчи тарабынан берилген ой-пикирди, изденүүчүнүн илимий эмгектерин карап чыгып жана Ош мамлекеттик университетинин “Бизнес жана менеджмент” факультетинин “Ишканалар экономикасы жана бизнести башкаруу” кафедрасынын “Финансы жана кредит”, “Бухгалтердик эсеп жана аудит”, “Экономика жана салык” кафедралары менен биргеликтеги жана К.И.Скрябин атындагы Кыргыз Улуттук Агрардык Университетинин “Экономика жана бизнес” факультетинин «Экономика жана айыл чарбасындагы ишкердик» кафедрасынын кеңейтилген отурумдарынын

протоколдорунун көңүлгө алуу менен төмөнкүдөй жыйынтык-бүтүмгө келди:

**1. Диссертациялык кеңешке коргоону өткөрүү укугун берүү үчүн аталган иштин адистикке дал келүүсү.**

Токоева Ажар Батырбековнанын «Рынок шарттарында агрардык ишканаларды башкаруунун натыйжалуулугун өркүндөтүүнүн жолдору (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында)» - деген темада сунушталган кандидаттык диссертациясы Диссертациялык кеңештин багытына дал келет. Диссертациялык иште АЭСти башкарууну тескөө механизмдеринин теориялык негиздерине арналып, агрардык өндүрүштү башкаруунун теориялык – методологиялык аспектилери, рыноктук шартта агрардык ишканаларды башкаруу механизминин натыйжалуу иштөөсүнүн жана аны өркүндөтүүнүн илимий - теориялык жагдайлары каралган.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты.** Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында айыл чарба ишканаларын башкарууда натыйжалуулукту жогорулатуунун жолдорун иштеп чыгуу - изилдөөнүн максаты болуп саналат.

Коюлган максатка жетүү үчүн изидөөнүн алдында төмөнкү милдеттер коюлду:

- айыл-чарба ишканаларын башкаруунун экономикалык механизминин теориялык негиздерин үйрөнүү жана аларга айрым тактоолорду киргизүү;
- экономикалык эффективдүүлүктү жогорулатуу багытындагы чарбалык башкаруунун негизги функциялары жана принциптерине тактоо киргизүү;
- учурдагы айыл чарбасынын башкаруу системасындагы тенденцияларга ылайык башкарууну уюштуруунун жана анда колдонуулучу экономикалык механизмдердин өзгөчөлүгүн аныктоо;



135

• агрардык өндүрүштүн учурдагы абалын жана аны башкаруунун натыйжалуулугун талдоонун негизинде резервдерди аныктоо жана аларды иш жүзүнө ашыруунун жолдорун издөө;

• агрардык ишканаларды башкаруунун рыноктук структурасынын өркүндөтүүнүн жолдорун издөө;

• башкаруунун рыноктук экономикалык механизминин моделин издөө;

• айыл чарба ишканаларынын жумушчуларынын эмгекке болгон кызыгуусун жана жоопкерчилигин арттыруунун жолдору сунуштоо.

**Изилдөөнүн предмети:** учурдагы коомдун өнүгүүсүнүн жана илимий техникалык прогресстин жетишкендиктеринин деңгээлинин талабына жана мүмкүнчүлүктөрүнө дал келүүчү, айыл чарбасын башкаруу механизмин өнүктүрүү жана өркүндөтүү.

**Изилдөөнүн объектиси:** агрардык ишканаларды башкаруунун системасы. Изилдөөнүн базасы Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарба өндүрүшү.

## 2. Изилдөө темасынын актуалдуулугу.

Учурда айыл чарбасындагы ишканаларды рынок мамилелерине ылайык башкаруу жана анын натыйжалуулугун жогорулатуу КМШ өлкөлөрү, анын ичинде Кыргызстан үчүн чоң мааниге ээ. Башкаруунун заманбап ыкмаларын колдонуудан башкарууну жаратылыш климаттык шарттардын өзгөчөлүгүнөн, айылдык жашоочулардын менталитетин жана башкаларды эске алуудан натыйжалуулуктун көлөмү аныкталат. Ошондуктан экономикалык жактан өз алдынчалыкка ээ болгон, өзүнүн чарбалык ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгына толугу менен жооп берүүген ишкана товардык – акча мамлелеринин объектиси болуш үчүн, ага туруктуу



136.

социалдык – экономикалык жагдайды камсыз кыла турган башкаруу механизимин түзүү керек.

Агрардык ишканалардагы башкаруу системасынын өнүгүшү менен чарбалык ишмердүүлүктүн бардык функцияларын эске алуучу, рыноктун шарттарына ылайыкташкан ишкананын иштөө усулун так белгилей турган “чарба жүргүзүүнүн экономикалык механизими” терминин “башкаруунун рыноктук механизми” терминине алмаштыруу зарылчылыгы келип чыкты. Рыноктук экономикалык башкаруу механизми ишкердүүлүктүн өсүшүнө өбөлгө түзө турган ресурстарды натыйжалуу пайдаланууга, ишкананын экономикалык жоопкерчилигин көтөрүүгө шарт түзөт.

Бирок бул маселе олуттуулугуна карабастан, кечендеп чечилүүдө, чечилсе да алгылыктуу натыйжа бербей жатат. Рыноктук башкаруунун кээ бир негизги масалелери боюнча изилдөөчүлөр бирдей көз карашта эмес, ошондуктан агрардык ишканаларды башкарууга байланышкан экономикалык изидөөлөрдүн ролу методикалык жактан да, ошондой эле, практикалык жактан да чоң мааниге ээ.

Айыл чарба ишканаларын башкаруунун негиздерине жалпы башкаруу теориясынын фундаменталдуу принциптери жана ыкмалары кирет. Алардын негизгилери болуп башкаруу чечимдерин кабыл алуу, башкаруудагы буйруктарды аткаруучуларга жеткирүү, башкаруу командасын аткаруу жана көзөмөл процесстери эсептелет. Ошону менен бирдикте айыл чарба ишканаларын башкарууда экономиканын агрардык секторуна таандык болгон өзгөчөлүктөрдү эске алуу керек.

Айыл чарбасын жүргүзүүдөгү негизги өзгөчөлүктөрдөн болуп анын сезондук мүнөзү, дыйканчылык менен мал чарбачылыкта жаратылыштын жана аба-ырайынын чоң таасирин көрсөтүшү, дыйканчылык жана мал чарбачылыкты жүргүзүүдөгү мейкиндиктин б.а. чарбанын жер жерлерге жайланышы ж.б. айтсак болот. Дагы бир өзгөчөлүк бул айыл чарбасы экономиканын башка секторлор менен, алардын ичинен өзгөчө өнөр жайдын



137

кайра иштетүү сектору, соода сатык рыногу, өндүрүштүн жана социалдык инфраструктура объекттери менен байланышын айтсак болот. Мунун бардыгы айыл чарбасын башкарууда жана чарбачылыкты жүргүзүүдө өз таасирин берип, бири-бирине болгон өз ара сунуштарды жана талаптарды эске алуу менен айыл чарбасынын ишканаларын эффективдүү иштөөчү моделин түзүүгө көмөктөш болот.

**3. Илимий жыйынтыктар. Диссертациялык иште төмөнкү көрсөтүлгөн илимий негизделген теориялык жыйынтыктар сунушталган.**

**Жыйынтык 1.** Автор тарабынан илимий эмгектерди изилдеп талдоонун негизинде айыл чарбасын натыйжалуу башкаруунун илимий – теориялык негиздери изилденген жана жалпыланган.

**Жыйынтык 2.** Рынок шарттарына ылайык агрардык ишканаларды башкаруунун натыйжалуулугун көтөрүү максатында башкаруунун рыноктук экономикалык механизимин киргизүү боюнча методикалык сунуштардын берилиши.

**Жыйынтык 3.** Агрардык ишканаларды башкаруунун региондук өзгөчөлүктөрүн эске алып, анын рыноктук структуурасы иштелип чыкты.

**Жыйынтык 4.** Башкаруунун рыноктун экономикалык механзиминин модели түзүлдү.

**Жыйынтык 5.** Өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатууда жумушчулардын экономикалык кызыгуусун арттыруучу система иштелип чыкты.

**4. Изилдөөчү тарабынан диссертациялык иште келтирилген жыйынтык жана бүтүмдөрдүн негиздүүлүк жана аныктык даражасы.**

**Жыйынтык 1.** Айыл чарба өндүрүшүн башкаруунун натыйжалуулугун көтөрүүчү рыноктук экономикалык механизимдеринин теориялык - метологиялык аспетилери.



138

**Жыйынтык 2.** Башкаруунун рыноктук тибин өркүндөтүүнүн теориялык аспектилери.

**Жыйынтык 3.** Айыл чарба ишканаларындагы башкаруу системасынын учурдагы абалы.

**Жыйынтык 4.** Агрардык ишканаларды башкаруунун рыноктук сртуктурасы.

**Жыйынтык 5.** Башкаруунун рыноктук экономикалык механзиминин модели.

**Жыйынтык 6.** Айыл чарба ишканаларынын жумушчуларынын экономикеалык жактан жоопкерчилиги менен кызыгуусун негиздөө.

**5. Изилдөөчү тарабынан диссертациялык иште каралган жыйынтыктардын жана бүтүмдөрдүн илимий жаңылык даражасы.**

**Жыйынтык 1.** Айыл чарба ишканаларын башкаруунун экономикалык механизминин теориялык негиздерин үйрөнүү аркылуу башкаруунун мазмунун айрым учурдагы талапка б.а. рынок мамилелерине шайкеш келген толуктоолор киргизилди.

**Жыйынтык 2.** Башкаруудагы экономикалык эффективдүүлүктү жогорулатуу максатында башкаруунун функцияларына тактоолор киргизилди.

**Жыйынтык 3.** Айыл чарба өндүрүшүндөгү башкарууну уюштурууну жана анда колдонуулучу экономикалык механизмдердин теорияллык талдоо менен учурдагы өзгөчөлүктөр аныкталды.

**Жыйынтык 4.** Региондогу айыл чарба өндүрүшүнүн абалын жана аны башкаруунун натыйжалуулугун талдоо аркылуу өндүрүштөгү жана башкаруудагы резервдер аныкталды.

**Жыйынтык 5.** Агрардык ишканаларды башкаруудагы рынок структураларын өркүндөтүү жолдору иштеп чыгылды;

**Жыйынтык 6.** Башкаруунун рыноктук экономикалык механизминин учурдагы талаптарга жооп берүүчү модели сунушталды;



139

**<u>Жыйынтык 7.</u>** Өндүрүш күчтөрүнүн өзөгү болгон эмгекке кызыгууларды жогорулата турган стимулдардын системасы иштелип чыкты жана сунушталды.

**6. Каралган актуалдуу көйгөйлөрдү, теориялык жана колдонмо маселелерди чечүүдө алынган жыйынтыктардын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо.**

Изилдөөнүн жыйынтыктары биримдиктүү байланышта болуп, теориялык жоболор менен тастыкталган практикалык сунуштар айыл чарбасын башкарууну тескөөнү өнүктүрүүнүн учурдагы тенденцияларын чагылдырат. Өлкөбүздүн экономикасын өнүктүрүүгө багытталган буга чейинки илимий изилдөөлөрдүн баалуулуктарынын автор тарабынан жалпыланган жана илимий интерпретациясы илимий жаңылыктарды өз ичине камтыган теориялык жана методологиялык мүнөздөгү өздүк бүтүмдөрдү жаратууга мүмкүндүк берген.

Диссертациялык иш аталган көйгөйлөр боюнча бир канча жаңы илимий жыйынтыктарды жана жоболорду өз ичине камтыйт. Бул жыйынтыктар жана жоболор өз ара ички биримдикте болуп, автордун экономика илимине кошкон жеке салымын күбөлөндүрөт. Айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагын өнүктүрүүдөгү көйгөйлөрдү чечүүгө арналган автор тарабынан берилген жаңы сунуштар жеткиликтүү негизделген жана сын көз караште бааланган.

**7. Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү.**

Диссертациянын теориялык жоболору, методологиялык ыкмалары жана жыйынтыктары айыл чарба өндүрүшүн башкаруу тескөөгө байланышкан илимий иштеп чыгууларга жана өнүктүрүүгө кызмат кылат. Экономикалык системасы агрардык ишканалардын өзгөчөлүктөрүн изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча өндүрүштү башкарууну тескөө механизминин илимий жактан негизделген багыттарын жана жолдорун толук аныктоого мүмкүнчүлүк түзөт.



140

Башкарууну тескөө механизминин жоболорун изилдөө, түрдүү формадагы жана типтеги агрардык ишканалардын башкаруу системасынын түзүү, өндүрүштүк өсүү практикасында илимий изилдөө процесстерине колдонууга мүмкүнчүлүк берет.

**8. Диссертациялык иштин негизги жоболорун, жыйынтыктарын жана бүтүмдөрүн жарыялангандыгын тастыкталышы.**

1. Токоева, А.Б. Формирование рыночной структуры управления сельскохозяйственными предприятиями [Текст]/ А.Б. Токоева // Наука и новые технологии. - 2012. - №7. - С. 128-130.

2.Токоева, А.Б. Агрардык ишканаларды башкаруунун рыноктук структурасынын түзүлүшү [Текст] / А.Б. Токоева // Вестник КЭУ им. М.Рыскулбекова. - 2013. - №3 (26). - С. 153-157.

3. Токоева, А.Б. Рыноктун шарттарында айыл чарба өндүрүшүн башкаруунун фукционалдык багыттары [Текст]/ С.А. Омурзаков, К.А. Раймкулов, А.Б. Токоева // Түрк дүйнөсү: коомдук билимдер конгрессинин материалдары. -Стамбул, 2013. - №11. - С. 305-309.

4. Токоева, А.Б. Агрардык өндүрүштү башкаруунуннатыйжалуулугу [Текст]/ С.А. Омурзаков, К.А. Раймкулов, А.Б. Токоева // Известия Иссык-кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии. – 2013. - №3. - С. 22-27.

5. Токоева, А.Б. Агрардык өндүрүштүн өнүгүүсүнүн жана аны башкаруунун өзгөчөлүктөрү [ Текст] / А.Б. Токоева // Известия Иссык-кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии. - 2013. - №3. - С. 22-27.

6.Токоева, А.Б. Новая структура управления организации виртуальной сети сельскохозяйственных предприятий[Текст] / А.Б. Токоева // Научный журнал: Исследования, результаты. - Алматы,2014. - №2. - С. 11-215.



141

7. Токоева, А.Б. Развитие аграрных производственных ситем в условиях рынка [Текст] / А.Б. Токоева // Вестник УЭП. – 2014. - №2. - С. 107-113.

**9. Автореферattтын диссертациянын мазмунуна дал келиши**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, анын коюлган максатына жана изилдөөнүн маселелерине толугу менен дал келет. Авторефератта бир түрдөгү орус жана англис тилиндеги резюме келтирилген.

**10. Расмий оппоненттерди, жетектөөчү мекемени дайындоо жөнүндөгү сунуштардын негизделиши.**

Комиссия Токоева Ажар Батырбековнанын диссертациялык ишине жетектөөчү мекеме катарында И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин “Экономика жана бизнес” кафедрасын сунуштайт. Анткени аталган мекемеде 08.00.05 –“Экономика жана эл чарбасын башкаруу” адистиги боюнча экономика илимдеринин докторлору жана кандидаттары иштешет.

**Биринчи расмий оппонент** катарында – экономика илимдеринин доктору, профессор Тургунбаев Жусупжан Тургунбаевичти сунушталат, анткени изилдөөдөгү көйгөйлөргө байланыштуу төмөнкүдөй эмгектери бар:

1. Экономический потенциал Кыргызстана: состояние и перспектива использования. // Монография - Бишкек, 2000. - 16,0 п.л.

2. Основные пути развития малого и среднего бизнеса в сельском хозяйстве. //Журнал. Сельское хозяйство Узбекистана. Ташкент, - 2002 г. - №3.-0,2 п.л.

3. Проблемы использования экономического потенциала аграрного сектора в Южном регионе. // Научные издании Академии народного хозяйства при Правительстве Российской федерации. Выпуск №4: Москва, 1999.- 0,3 п.л.



142

4. Проблемы сельского хозяйства Кыргызстана //Журнал. «Актуальные проблемы современной науки». Выпуск №1: Москва, 2004 г. - 0,2 п.л.

**Экинчи официалдуу оппонент** –Кыргыз-Өзбек университетинин “Экономика жана бухгалтердик эсеп” кафедрасынын башчысы э.и.к., доцент Шакиев Шайдулла Орунбекович, (08.00.05 – Экономика жана эл чарбасын башкаруу) изилденип жаткан көйгөйлөр боюнча жарык көргөн төмөнкү илимий эмгектердин автору.

1. Некоторые аспекты макроэкономического состояние Кыргызстана на пороге нового столетия// статья, “Наука образования техника, № 2(4)-2000г. –С.59-61.

2.Основные выводы экономических реформ КР в 1991-1995 годы//статья, “Вестник ОшГУ -№ 6-2002г.-С.57-60.

3.Некоторые вопросы аграрного сектора экономики в новых условиях хозяйствования// “Экономический вестник”,-Бишкек,-С-18-20.

Комиссия, жогоруда аталган официалдуу оппоненттердин жана жетектөөчү ишкананын дайындалышын жеткиликтүү негизделген деп эсептейт.Аталган расмий оппоненттердин жана жетектөөчү мекеменин дайындалышы жетишээрлик деңгээлде негиздүү деп комиссия эсептейт.

Диссертациянын жана авторефераттын мазмуну, структурасы изилдөөнүн илимий жоболорун жана жыйнтыктарын чагылдырат жана алардын жасалгаланышы Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык комиссиясынын авторефератты жана диссертацияны жасалгалоо жөнүндөгү инструкцияга толугу менен жооп берет.

Диссертацияда иштелип чыккан теоретикалык жоболорду экономика чөйрөсүндөгү жаңы илимий изилдөө катарында квалификациялоого болот, анын негизинде тажрыйбалык сунуштар иштелип чыккан.

Комиссия көрсөтүлгөн документтерди (диссертациялык иш, автореферат жана илимий эмгектер) карап чыгып, Токоева Ажар Батырбековнанын 08.00.05 – экономика жана эл чарбасын башкаруу (айыл



143

чарбанын экономикасын жана АӨЖК терин уюштуруу жана башкаруу) боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасынын изденип алууга сунуштаган «Рынок шарттарында агрардык ишканаларды башкаруунун натыйжалуулугун өркүндөтүүнүн жолдору (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында)» аттуу диссертациялык ишин Ош мамлекеттик университетинин жана Экономика жана ишкердүүлүк университетинин алдындагы экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча К.08.15.510 диссертациялык кеңешине кабыл алууну сунуштайт.

**Эксперттик комиссиянын төрагасы,**
**э.и.д., профессор** **Тургунбаев Ж.Т.**

**Мүчөлөрү:**

**э.и.д., доцент** **Мамасыдыков А.А.**

**э.и.к., доцент** **Эргешбаев У.Ж.**

Диссертациялык кеңештин мүчөлөрүнүн колун тастыктаймын.

**К.08.15.510 Ведомстволор аралык**
**Диссертациялык кеңешинин**
**илимий катчысы, э.и.к., доцент** **Кулуева Ч.Р.**